«БЕКИТЕМ»
Кыргыз Республикасынын
Президентинин Жалал-Абад
облусундагы ыйгарым укуктуу
өкүлүнүн милдетин аткаруучу
_______________
Н.М.Эрматов
“19” __03__ 2025-ж.

**Илимий-изилдөө ишинин жыйынтыгын**
# ИШКЕ КИРГИЗҮҮ АКТЫСЫ

**1.Ишке киргизүү актысынын автору:** Омошев Төлөгөн Теңирович

**2.Изилдөө ишинин аталышы:** 08.00.06 - улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Агроөнөржай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде божомолдоонун аймактык көйгөйлөрү” – деген темадагы доктордук диссертация.

**3.Кыскача мазмуну:** Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексинде илимий-техникалык прогрессти башкаруу системасынын абалын жана өркүндөтүүсүн теориялык-методологиялык жана уюштуруу-усулдук изилдөө.

**4.Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз Республикасынын агрардык секторунун экономикалык өсүүсүн өркүндөтүү жана оптималдаштыруу жолдору.

**5.Ишке киргизүүнүн эффектиси:** Диссертацияда изденүүчү агроөнөржай комплексинде контролдоо деңгээлин жогорулатуунун бир катар багыттарын сунуштайт, алардын арасында өндүрүштө да, продукцияны сатууда да инновацияларды жана жаңы технологияларды киргизүү, башкаруунун уюштуруу формаларынын структурасын оптималдаштыруу артыкчылыктуу багыттары болуп, жердин жана эмгек ресурстарынын, айыл чарба техникасынын, минералдык жер семирткичтердин, бар болгон потенциалын натыйжалуу пайдалануу үчүн, кооперативдерди, агрофирмаларды, бирикмелерди жана башкаларды уюштуруунун азыркыдан алда канча прогрессивдүү формаларын түзүүнүн зарылдыгын баса көрсөтөт. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексинде илимий-техникалык прогрессти башкаруу системасынын абалын жана өркүндөтүүнүн теориялык-методологиялык жана уюштуруу-усулдук изилдөөлөрүнүн натыйжаларынын негизинде иштелип чыккан сунуштар ата мекендик экономиканын инновациялык өнүгүү темпин олуттуу түрдө тездетиши мүмкүн.

**6.Ишке киргизүү жери жана убактысы:** Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты, 2025-2026-жж.

**7.Ишке киргизүүнүн формасы:** Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде Жалал-Абад облусундагы агроөнөр жай комплексинде илимий-техникалык прогрессти башкаруу системасынын абалын жана өркүндөтүүнүн теориялык-методологиялык жана уюштуруу-усулдук божомолдорун түзүүдө колдонулду.

**8.Изилдөөнүн жыйынтыктары:** Жалал-Абад облусунун райондорун өнүктүрүү ишинде моделдөөнүн жардамы менен маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын механизмин колдонуу шарттарында чарба жүргүзүүчү субъекттердин инновациялык ишмердүүлүгүн башкаруу системасын оптималдаштыруу боюнча иштеп чыгуулар колдонулган. Агроөнөр жай комплексинде эң аз чыгым менен жогорку натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрүн алуу максатында экономикалык-математикалык оптималдаштыруу модели

түзүлгөн, анын ишке ашырылышы өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүүгө жана чыгымдарды кыскартууга мүмкүндүк берет.

Иштин теориялык мааниси заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялрдын механизмдерин колдонуу менен чарба жүргүзүүчү субъекттердин илимий-техникалык прогрессин өнүктүрүүнүн илимий-усулдук негиздерин аныктап, анын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган практикалык сунуштарды берет.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары бизнестин субъекттери тарабынан маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде инновациялык өнүгүү программаларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Илимий жана прикладдык иштеп чыгуулардын практикалык мааниси маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын шарттарында агроөнөр жай комплексинин илимий-техникалык прогрессинин деңгээлин баалоонун критерийлерин жана параметрлерин аныктоодо турат. Алынган натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгү диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларына негизделген теориялык принциптер, корутундулар жана сунуштар региондук деңгээлдеги илимий техникалык прогрессти жана инновациялык долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн негиз болот.

Кыргыз Республикасынын Президентинин
Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу
өкүлүнүн аппаратынын Экономика жана региондук
комплекстүү өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы: А.Т.Асанов

Кыргыз Республикасынын Президентинин
Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу
өкүлүнүн аппаратынын Социалдык өнүктүрүү
бөлүмүнүн башчысы: Г.А.Аширова

Кыргыз Республикасынын Президентинин
Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу
өкүлүнүн аппаратынын Уюштуруу-инспектордук,
кадр иштери жана мониторинг жүргүзүү
бөлүмүнүн жетектөөчү адиси: Б.А.Жантороев